Кызыл-Суу айыл аймагы боюнча 2026-жылдын 9 айында аткарылган иштер тууралуу маалымат

Кызыл-Суу айыл аймагында жети айыл Кызыл-Суу, Саруу, Жалгыз-Өрүк, Санатория, Пристань, Кирпичный-Кайнар, Жууку айылдары кирет

Айыл аймак боюнча калктын саны 2026-жылдын 1-январь айына карата 26999 адамды түзүп,түтүндүн саны 5721.

Айыл өкмөтүнүн карамагында 6-жалпы билим берүү мектеби 4-бала бакча, 3 - 3-сааттык бала бакчасы, 3-муниципалдык ишкана, 1-АПК, 2- маданият үйү , 1 -клуб бар.

Мындан тышкары айыл аймагында 116-соода түйүндөрү, 28 -кафе, 1- ресторан, 3 -ашкана, 13 -чач тарач, 16-мончо, 3 -китепкана , 9 -мини футбол аянтчасы, 1 –стадион, 2-үй бүлөөлүк дарыгерлер тобу, - оорукана, 3 –ФАП, 5- өзүн-өзү тейлөө, 7-СТО, 6-агро-вет аптека,11-аптека, 5- АЗС, 1-газ менен тейлөө заправка, 5-электро мобил тейлөө аппараты, 3-мейманкана, 22- конок үйлөр эл кызматын кылууда.

Кызыл-Суу айыл аймагында 1-Логистикалык борбор, 10- кичи ишкана ачылып туруктуу 42 туруктуу жумушчу орун түзүлгөн б.а 2026-жыл башынан 100 туруктуу жумуш оруну, 33 сезондук жумуш оруну, 5 убактылуу жумуш оруну түзүлгөн.

2026-2027-жылдын күз кыш мезгилине даярдык көрүү боюнча штабдын курам бекилип, иш чаралардын планы түзүлгөн.

Айыл өкмөтүнүн карамагында таш көмүр менен жылуучу 10 соц.обьект бар буга кышкыга 800 тонна көмүр талап кылынат.Бүгүнкү күндө 100 пайыз көмүр түшүрүлдү.

Жергиликтүү бюджеттин жана инвестиция тартуу менен төмөндөгүдөй иштер аткарылууда

№	Милдеттер	Аткарылышы (сом)
	Жергиликтүү бюджеттин эсебинен	
1.	Айыл аймагында турак үй куруп түбөлүккө пайдаланууга муктаж үй бүлөөлөрдүн жер аянты жетишсиз болгондуктан ГИК турак үйлөрүн курууга жер антын сатып алуу 11 га	15 333,0 млн.сом
2.	Калкты таза суу менен тейлөөдө Субсидия кароо	6 000,0 смлн. сом
3.	“Жашыл мурас” программасынын алкагында АПК га тиешелүү 25 га жер аянтына көчөт алып отургузуу	7 000,0 млн.сом
4.	“Наристе” балдар бакчасынын капиталдык ремонттон өткөрүү боюнча ПСД сын даярдоо	75000 мин сом
5.	“Наристе” балдар бакчасын капиталдык ремонттон өткөрүү	16 000,0 млн. сом
6.	Токтомушев атындагы спорт мектебинин котельнийин жасоо	1 036,2 млн сом
7.	Жалгыз-Өрүк айылындагы таза суу резервуарын ондоого ПСД даярдоого	906722 мин сом
8.	Кызыл-Суу айылындагы Юматова көчөсүнө тротуар, лоток коюу	5 428,3 млн сом
9.	Кызыл-Суу айылындагы молочная көчөсүнө лоток коюу	976965 мин сом

10.	Гапаров мектебинин складын ремонтоо	308186 мин сом
11.	Токтомушев атындагы спорт комплексине ажаткана кою	129156 мин сом
12.	“Нур” балдар бакчасынын короо жайын ондоо	1 170,0 млн сом
13.	Кызыл-Суу айылынын көчөлөрүнө көпүрөлөрдү орнотуп кою, ондоп түзөө иштери аткаруу	2 072,0 млн сом
14.	Ленин жана Абдрахманов жалпы билим берүү мектептеринин ремонтуна карата ПСД даярдоого	444444 мин сом
15.	Жалгыз-Өрүк айылындагы жаны ачылган “Бакыт” балдар бакчасына эмерек, хоз товарларды алып берүү	572595 мин сом
16.	Ленин мектебинин тышын жылулоо	3 397,7 млн.сом
17.	“Кызыл-Суу Тазалык” муниципалдык ишканасына	11 196,9 млн. сом
18.	“Курулуш” муниципалдык ишканасына	2 222,9 млн. сом
19.	Кызыл-Суу ички чарбалык каналдар (Водоканал)	14 927,4 млн. сом
20.	Ар түрдүү ишканаларга	12 275,0 млн. сом
21.	Кызыл–Суу айыл аймагына караштуу Кызыл-Суу айылындагы В.И.Ленин атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин сырткы фасадын толук капиталдык ремонттон өткөрүү	Баардыгы: 6 млн 850 мин 90 сом Анын ичинен: Стим грант-3 млн 425 мин 4 сом Жергиликтүү бюджеттен: 3млн 425 мин 451 сом
22.	Кызыл–Суу айыл аймагына караштуу Кызыл-Суу айылындагы С.Абдракманов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин сырткы фасадын толук капиталдык ремонттон өткөрүү	Баардыгы: 19 млн 399 мин 008 сом Анын ичинен: Стим грант-4 млн 990 мин 0 сом Жергиликтүү бюджеттен: 4 млн 999 мин 004 сом Облустук өнүктүрүү фондусунан: 9 млн 500 мин сом.
23.	Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу Саруу айылындагы Шиш-Коргон участогундагы 5 га жер тилкесине замамбап таштанды полигонун куруу.	Баардыгы 49 млн 350 мин с Анын ичинен: Шведцария өкмөтү каржылаган жергиликтүү денгээлде кызматтарды жакшыртуу долбоорунан 2 млн сом грант Райондук 5 айыл өкмөттөрүнөн өздүк салым млн. Райондук өнүктү фондунан 13 млн 350 мин с
24.	Кызыл-Суу айылындагы Б.Ибраев атындагы маданият үйүн толук капиталдык ремонттон өткөрүү, чатырын алмаштыруу.	Жергиликтүү бюджеттен 6 000,0 млн сом
25.	**Башка булактар аркылуу жасалып жаткан иштер**	

26.	Жардамга муктаж үй-бүлөөлөргө соц. шаарча куруу	170 000,0 млн сом Ассафа кайрымдуулук фондусу
27.	Кызыл-Суу айылындагы Юматова көчөсүн 3 км жолоду асфальтоо	30 000,0 млн сом республикалык бюджет
28.	Кирпичный-Саруу-Жууку жолун 7 км асфальтоо	83 000,0 млн. сом республикалык бюджет
29.	"Сафари Эко капсула" эс алуу жайы	110 000,0 млн сом Жеке каражат , туризм тармагы
30.	Жууку кичи ГЭС	87 000,0 млн. сом
31.	Саруу айылындагы Ж.Чабалдаев атындагы жалпы билим берүү мектебинин курулушу	227 000,0 млн. сом
32.	Кызыл-Суу айылындагы Гапаров атындагы жалпы билим берүү мектебинин кошумча имаратынын курулушу	112 298,2 млн.сом
33.	Жалгыз-Өрүк айылына бала бакчанын курулушу	55 903,0 Ысык-Көл өнүктүрүү фондусу
34.	Жууку айылындагы "Жууку Жылуу-Суу" провилакторийин реконструкциялоо	105 000,0 млн сом мунун ичинен өздүк салым 50 млн сом, 45 млн сому Орус өнүктүрүү фондусу
35.	Райондук архивдин курулушу	45 000,0 млн. сом респуб.бюджет
36.	Момо-жемиш сактоочу жай, шоковый тондурмасы менен	100 000 АКШ доллары
37.	Момо-жемиш сактоочу жай, шоковый тондурмасы менен	40 000,0 млн сом Ислам өнүктүрүү фондусу

Кызыл-Суу айыл аймагындагы турмуштук оор кырдаалга кабылган, аз камсыз үй-бүлөлөрдү аныктап, айыл өкмөтү тарабынан үй-бүлөлөргө өз учурунда жана комплекстүү социалдык колдоо чараларын көрсөтүү максатында, электрондук социалдык паспорттоштурууну ишке ашырып, ар бир аз камсыз деп табылган 214 үй-бүлөгө социалдык паспорттор толтурулган. Андан тышкары мамлекет тарабынан 130 үй-бүлөгө жөлөк пул чектелип берилүүдө. Кызыл-Суу айыл аймагындагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ай сайын берилүүчү жөлөк пул алуучулардын жашоо шарты жеринен текшерилип изилдөө актылары түзүлүп, иш кагаздары социалдык өнүгүү башкармалыгына жиберилет.

Турмуштук оор кырдаалга кабылган 28 үй-бүлөнүн 12 баласына жашоо шартын социалдык кызматкерлер тарабынан жерине барып изилдөө актысы түзүлүп, «Бала ырысы» түндүк аркылуу толтурулуп, Жети-Өгүз райондук эмгек,социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгына жиберилип турат . Ошондой эле учурда 377 үй бүлө эмгек мигранттары катары базага киргизилген, Мигранттардын келип кетүүсүнө ылайык, ай сайын балдары боюнча айлык жана кварталдык отчеттор райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгына берилүүдө.

Айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкерлеринин көзөмөлүндө 17 тоголок жетим бала жана 30 жалгыз бой кары адамдар турат.

Айыл аймагында жашаган дең соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана азыркы учурда ден соолугунан жабыркап, дарылануага каражаты жетишсиз болуп жатканын жазып кайрылган 32 адамга социалдык бөлүмдүн кызматкерлери тарабынан жашоо-шартынын изилдөө актылары түзүлүп, жергиликтүү бюджеттин эсебинен 527070 (беш жүз жыйырма жети мин жетимиш) сомго накталай акча каражат түрүндө материалдык жардамдар көрсөтүлдү.

Советтик жоокерлердин Ооганстан Демократиялык Республикасынан чыгарылышынын 37 жылдыгын белгилөө боюнча,Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен эсебинен айыл өмөтүнүн аймагында жашап жаткан Афгант коогаланын ардагерине ар бирине 2000 (эки мин) сомдон жана каза болгондордун 6 ардагерине үй бүлөсүнө 2000 (эки мин) сомдон ар бирине эскертилип,гүлчамбарлар коюлуп,60 000(алтымыш мин) сом каралып куран окулду

25-Февраль Тажик-Авган ардагерлеринин 27-жылдыгын белгилөө боюнча Кызыл-Суу айыл өмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен айыл аймагында жашап жаткан 23жоокеринин ар бирине 5000 (беш мин) сомдон бардыгы 115 000(Жүз он беш мин) бөлүнүп берилди. Учурда айыл аймагында ар этностун өкүлдөрүнөн турган ар улуттуу үй-бүлөө жашайт. 8-март "Эл аралык аялдар күнүнө" жана 15-март "Аталар" майрамына карата айыл өкмөтү тарабынан аталган иш чарага 50 000 (элүү миң) сом өлчөмүндө акча каражаты бөлүнүп, Кызыл-Суу айылыбыздын Маданият үйүндө иш чара болуп,апаларга белектер жана концерттик программада улуттук ырлар ылдалып жогорку дээнгелде болуп өттү.

21-март "Нооруз" элдик майрамына даярдык көрүү жана белгилөө боюнча айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 86 000 (сексен алты миң) сом акча каражаты бөлүнүп, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, муниципалдык ишканалардын жетекчилери жана кызматкерлери, айыл башчылар айыл аймагындагы жалпы билим берүү мектептери менен биргеликте майрамдык салтанат жогорку деңгээлде өткөрүлдү.
Жакшы жасалгасы менен үрп -адаты чагылдырып берген улуттук тамак-ашты көрсөткөндөргө 1-орунга 5000 сом ,5 ишканага 3000 сом акчалай сыйлык берилди жана улуттук оюндун жеңүүчүлөрүнө акчалай сыйлыктар тапшырылды.
7-Апрель Элдик Апрель революциясынын күнүнө арналган иш чара болуп курман болгон жарандардын элеси эскерилип,эстеликке гүлчамбарлар коюлду. 80 000 (сексен мин) сом акчалай жардам берилди, иш чара курман болгондордун элесине таазим кылуу жана алардын эрдигине даназалоо менен жыйынтыкталды.
Кызыл-Суу айылындагы С.Абдрахманов атындагы орто мектебинде 27-апрель Чернобыль Атомдук электр станциясында кырсыктын кесепеттерин эскерүүгө арналган иш-чара болуп өткөрүлдү.
2026-жылдын 9-май күнүнө карата Улуу Жеништин 81-жылдыгы бул ирээт Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айыл аймагында өзгөчө салтанат менен белгиленди, эскерүү Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына арналган эстеликке гүлчамбарлар коюу жана баатырлардын элесине таазим кылуу менен башталды,андан сон Кызыл-Суу,Саруу айылындагы 4 ардагердин үйүнө барып акчалай сыйлыктар тапшырылып ар бирине 10 000. (он мин) сомдон берилди Кызыл Суу айыл өкмөтүнүн бюджеттик эсебинен 40 000(кырк мин) сом каралды.
"Энелер "күнүнө карата 29- май күнү "Баатыр энелер",Эне Данк" алган апаларга Маданият үйүндө иш чара болуп концерт уюштуруп баалуу белектер берилди 150 000 (жүз элүү мин) сом айыл өкмөт тарабынан каралып белектер берилди.
29-май "Акыркы конгуроо" майрамына карата Кызыл-Суу айыл өкмөтү жакшы окуугган окуучуларга акчалай сыйлыкка 60 000 (алтымыш мин) сом акча каражаты каралып 7 мектептин окуучуларына акчалай сыйлык таратылды.
1-июнь "Эл аралык балдарды коргоо" күнүнө карата аз камсыз ,тоголок жетим,жарым жетим,турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарга таттуу белектер,бал муздактар таратылып,"Салтанат" кино клубунда балдарга кино көрсөтүлүп берилди.
Ошондой эле ар улуттардын өкүлдөрү айыл аймагында өткөрүлүүчү иш чараларга активтүү катышат. Кызыл-Суу айыл аймагыбызда келген индус ,кытай жарандары этностук кыргыздар убактылуу келип кетүүдө.айыл аймагыбызда өнүүгү жолунда бара жатабыз,ошондой эле Кытай мамлекетти менен биргеликте иштер жүрүүдө айылдын инфраструктурасын жакшыртууга калктын жашоо шарттарын жакшыртууга

багытталган.Кытай,Өзбекстан, жол куруу иштери жүрүүдө. Этностук кыргыздарды аймактагы саламаттык сактоо мекемелерине ишке тартуу боюнча тиешелүү иштер жүрүлөт.

Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы №385 "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө" токтомунун ишке ашыруу максатында,"үй бүлөгө көмөк" жөлөк пул алган жаранларга 100 000 сом акча берилген 2022-жылы 8 үй бүлө алган,2023-жылы 26 үй бүлө,2024-жылы 80 үй бүлө,2025-жыл 48 үй бүлө, 2026-жылы 24 үй бүлө жана 2 паток 24-үй бүлөгө 150 000 сом акча берилип аз камсыз үй бүлө катары социалдык контрактын доолборуна катышып, бүгүнкү күндө бизнестерин жогорку денгээлде алып барышууда.

Кызыл-Суу айылынын тургунуАбдыкадыров Жаныбек ден соолугу чектелген адамдардын арасында,бириккен араб имарат өлкөсүнө Дубай шаарында өткөн Азия кубогун женичүсү болуп келип,айыл өкмөттөн 10 000 (он мин) сом каралган ,ошондой эле социалдык контрактан 150 000 (жүз элүү мин) сом берилди.

Кызыл-Суу айылын тургуну Германова Раиса Бишкек шаарындагы психикалык доруканага 10 000 (он мин) сом акча каралды.

Турмуштук оор кырдалга кабылган үй бүлө Талипова Ханифаны Чүй обусундагы "Гүлзарым " балдар үйүнө алып барууга, Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджеттинен 10 000 (он мин) сом акчалай жардам бөлүнүп берилди.

16- июль 2026-жылы Саруу айылындагы "Ягод Рай " инвестициялык компаниянын ордосунда 14 миллион долларга эсептелген 1800 тонналык шокывый морозильний кампа жана жемиштерди кайра иштете турган Кыргызстанда биринчилерден болуп логистиканы куруп иштетүүгө 20-жылдык мөөнөткө келишимге салтанатттуу кол коюу аземи болуп өттү. Кызыл- Суу айылында "Нур" аталышындагы заманбап соода түйүнү ачылып элге жумуш орду түзүлүп,мындай инвестициялар айылдын экономикалык өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, элдин денгээлин жогорлатууга көмөк көрсөтүүдө.

2026-жылдын 5-августунда "Чугун" ресторанында "Баатыр эне","Эне Данк" медалы менен сыйланган энелердин урматына сый тамак уюштурулду.Энелерге мамлекеттик сыйлыктар тапшырылып Кызыл-Суу айыл өкмөт тарабынан куттуктоо сөз айтылып белектер берилди.

Кызыл-Суу айылында үй бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүрүүдө.Жети-Өгүз райондук билим берүү бөлүмү, Жети-Өгүз РИИБнин, Жети-Өгүз райондук саламаттык сактоо бөлүмү, Жети-Өгүз райондук Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция бөлүмү жана айыл аймактардын айыл өкмөттөрү менен биргеликте райондогу Аткаруу пробациясында турган кардарларга үй бүлөлүк зомбулук боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Иш-чарада видео роликтер көрсөтүлүп катышуучулар арасында суроо жооптор болду.

Кыргыз Республикасын "Тынчтык жөнүндө" мыйзамынын талаптарына ылайык коомдук тартипте камсыз кылуу жана мыйзам талптарынын сакталышын көзөмөлдөө максатында Кызыл-Суу айыл аймагында рейддик иш чаралар болуп өткөрүлдү.

2026-жылдын 22-августунда "Биримдик кербени" катышуучуларды жылуу маанайда тосуп алып ошондой эле салтанатту түрдө узатууу аземи өткөрүлүп,иш чаранын жүрүшүндө жаш муундарды мекенчиликке, эл журтту сүйүүгө ынтымакты жана достукту баалоого үндөгөн пикирлер айтылды.2026-жылдын 3 сентябрында өткөрүлгөн "Көчмөндөр оюндарына" карата айыл өкмөт тарабынан тиешелүү уюштуруу иштери жүргүзүлдү иш чаранын жүрүшүндө 3 боз үй тигилип ,алардын ичи улуттук каада салтка ылайык жасалгаланып, дасторкон жайылды. Коноктордуу тосуп алуу, тамак-аш жана суусундуктар менен камсыз кылуу иштерин уюштурууда айыл өкмөтүнүн кызматкерлери активдүү катышып, келген коноктorго жана иш-чаранын катышуучуларына кызмат көрсөтүштү. Иш-чара жогорку уюшкандыкта өткөрүлүп, улуттук баалуулуктарды, каада-салттарды жана кыргыз элинин меймандостугун даңазалоого өзгөчө көңүл бурулду.

Кызыл-Суу айылында Эгемендүүлүктүн 35-жылдыгына карата иш-чара болуп өттү.Эгемендүүлүктүн 35-жылдыгы-өнүүгүгө жаныланууга жана элдин жашоо шартын жакшыртууга багытталган маанилүү кадамдар менен коштолууда.Жениш паркында салтанаттуу иш чара болуп "Ай-ай эжекелер" тобу жана "Бугу" энелер тобу концерттик прогаммада уюштурулуп иштер жүрдү, атактуу жарандарга ардак громата,ыраазычылык каттар тапшырылып берилди.

Кызыл-Суу айылында жашаган Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй- бүлө Смолянникова Светлана спирт ичимдик ичип балдары кароосуз калып,Кызыл-суу айыл өкмөтүнүн социалдык адиси жана кызматкерлери менен биргеликте иштер алып барылды,эки баласын Фостердик үй бүлөгө жайгаштырылып,Смолянникова Татьяна кызы майыптуулугу болгондуктан райондук ооруканага жаткырылып дарылануууда.Кызыл-Суу айыл өкмөт тарабынан бюджетинин эсебинен 10 000 (он мин) сом каралып балдарга кийим кече, дарыларын жана тамак аш,памперси алып берилди.

Саруу айылында мектептин курулуш иштери 2024-жылы июль айында башталып,500 орунду жаны мектептин курулушу толук аяктап 2026-жылдын 11-август айында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун онлайн ачылыш аземинде Ж.Чабалдаев жалпы билим берүү мектебинин ачылышы болуп,ошондой эле Жалгыз Өрүк айылында 100 орунду бала бакча салынып ишке берилди,айылдардагы балдар үчүн сапаттуу билим алууга жана татыктуу шартта тарбияланууга кенири мүмкүнчүлүк түзөт.

15-сентябрь"Билим күнү" мектептерде иш чаралар болуп жогорку денгээлде болду.

Айылдык ден соолук комитеттери (АДК) элдин саламаттыгын сактоого салым кошкон коомдук күч. Жети-Өгүз районунун жыйындар залында Айылдык ден соолук комитеттеринин түзүлгөндүгүнүн 20 жылдык маарекесине арналган салтанаттуу иш чара болуп өттү.Кызыл Суу айыл өкмөт тарабынан баалуу белектер таратылып берилди.

Айыл аймагында жашаган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана азыркы учурда ден соолугунан жабыркап, дарылануууга каражаты жетишсиз болуп жатканын жазып кайрылган 78 адамга социалдык бөлүмдүн кызматкерлери тарабынан жашоо-шартынын изилдөө актылары түзүлүп, жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1 290570 (бир миллион) сомго накталай акча каражат түрүндө материалдык жардамдар көрсөтүлдү.

"Кызыл-Суу Тазалык" муниципалдык ишканасынын 2026-жылдын 3-кварталда аткарылган иштер туралуу маалыматы

"Кызыл-Суу Тазалык" муниципалдык ишканасынын өздүк эсебине Кызыл-Суу айыл өкмөтүнөн **18341556 сом, (мунун ичинен 3576667 сомго көчөлөргө, жайыт жана чарбалык жолдорго кум шагыл төгүлдү, 4880000 сомго айыл өкмөткө караштуу мектеп бала-бакчаларга 800 тонна көмүр түшүрүлдү)** Кызыл-Суу айыл өкмөтүнө караштуу мектеп бала бакчалардан таштанды чыгаруудан **1554111сом,** Тазалык ишканасы жашоочулардан таштанды чыгаруудан **5527053сом** акча каражатын чогултkан, мекеме ишканалардан таштанды чыгарууга **2502963сом,** техникалардан **1324809сом,** Кызыл-Суу айылындагы автобекет Тазалык ишканасына өткөрүлүп бергендигине байланыштуу автобекеттен жургунчулөрдү ташуучу автобус, кичи автобустардан, таксилердин арендасынан **1048783 сом** түшкөн, баардыгы "Кызыл-Суу Тазалык"муниципалдык ишканасынын өздүк эсебине **30299275сом акча каражаты түшкөн.**

Кызыл - Суу айыл аймагында атайын талапка ылайык, мыйзамдуу тиричилик таштанды

калдыктарын жайгаштыруучу жай уюшулган. Кызыл-Суу айыл аймагында таштандылар бекитилген графиктин негизинде өз убагында чыгарылууда. Кызыл-Суу айылындагы кышында чогулган ээсиз таштандылар чыгарылып тазаланууда.

Кызыл-Суу айылында айылдык жыйында 2026-жылга таштандынын баасы инфиляцияга байланыштуу көтөрүлгөндүктөн, 2026-жылы ар бир кожолуктан 120сом, мекеме ишканаларга 1 метр кубу 355сомдон болгондугу айтылып, коомдук угуу өткөрүлүп эл тарабынан колдоо көрсөтүлдү. 2026-жылы тарифтин өзгөрүшүнө байланыштуу мекеме ишканалар менен келишимдер түзүлдү. Кызыл-Суу айылындагы Автобекет Тазалык ишканасына өткөзүлүп бергендигине байланыштуу, элге кызмат көргөзгөн кичи автобус,такси кызматын көрсөткөн ишкерлер менен келишимдер түзүлдү. Кызыл-Суу айыл өкмөтүнө караштуу мектеп бала-бакчаларга, фаптарга **800 тонна көмүр** түшүрүлүп кампаларына киргизилип берилди.

Кызыл-Суу айылынын ички жолдоруна кум шагыл төгүлүп, түздөлүп грейдерлөө иштери жүргүзүлдү.Тазалык ишканасынын техникалары өз убагында техникалык кароодон өткөзүлүп камсыздандырылды. Кызыл-Суу айылынын көчөлөрүн кенейтүү иштеринен кийинки курулуш таштандылары, көмүр күлдөрүн тазалоо иштери жүргүзүлдү. Нооруз майрамына карата борбордук парк тазаланды. Таштанды салуучу челектер эскирип чиригендигине байланыштуу 40 таштанды челеги 422400 сомго сатылып алынды.(бирө 10560сомдон). Кызыл-Суу айыл өкмөтүнө караштуу айылдарынын ортосуна жол кырсыгын алдын алуу максатында жаныбарлардын муляждарын, мектептердин алдыларына окуучу кыз-балдардын муляждары 148000сомго сатылып алынып орнотулду. Айыл өкмөткө караштуу мектеп бала бакчалардын жарыктандыруу системалары ремонттолду. Март айынан баштап Тазалык ишканасы Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз айыл аймагынын, Жаргылчак айыл аймагынын, Барскоон айыл аймагындагы айылдардын таштандыларын чыгарууда.Ар бир айылдын жашоочулары менен келишимдер түзүлдү. ОсОО"Байтолду" ишканасы менен келишим түзүлүп 324000сомго 2 даана мотороллер көчө тазалоочу жумушчуларга алынып берилди. Гапаров мектебинин электр меши ремонттолуп берилди. Кызыл-Суу айылынын ички чарбалык жолдоруна 325 рейс кум шагыл төгүлүп түздөлдү. Устин каналынын жээгин бекемдөөгө 75 рейс кум шагыл 50 рейс топурак төгүлдү. Кичи Кызыл Суу жолу менен баруучу жайыт жолуна 92 рейс кум шагыл тогулуп туздолду. Гагарин кочосуно 24 рейс кум шагыл тогулуп туздолду. Саруу айылынын көпүрөлөрүн бекемдөөгө 15 рейс кум шагыл төгүлдү.Борбордук Манас көчөсүндө жол жээгиндеги зым карагайлар актоо иштери жүргүзүлдү. Борбордук көчөлөрдүн түнкү жарыктандыруу системасы кошулду. Юматова көчөсүн кенейтип асфальт басууга даярдалып ЛЭП 0,4кВ электр линиясы жылдырылды.Саруу айылындагы Соно ажы көчөсүнө жаны жаны фонарлар орнотулду. Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу айылдардын көчөлөрүнүн түнкү жарыктары ремонттолууда.Саруу айылындагы "Нур"бала бакчасынын электр жабдыктары ремонттолуп берилди. Кирпичный айылындагы бала бакчага 126590 сомго тендер менен электро материалдар сатылып алынып ремонт иштери жүргүзүлдү. Саруу айылындагы эски айыл өкмөтүнүн имараты бузулуп таштандылары чыгарылды. Кызы-Суу айылынын борбордук көчөсүндө жайгашкан райондук прокуратуранын эски имараты бузулуп ,71 рейс строй мусор чыгарылды.

121 мин сомго тендер берилип, петуния, роза, хризантема гүлдөрүнүн көчөттөрү отургузулуп көрктөндүрүү жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү.Эскирген таштанды

салуучу урналар, челектер ремонттолуп сырдалды.Кызыл-Суу автобекетине коопсуздукту алдын алуу максатында 4 видио камера орнотулду жана ошондой эле көлөмдүү тамгалар менен авто касса жазуусу тагылды. Муниципалдык техникалардын дөнгөлөгү эскирип жарактан чыккандыгына байланыштуу ОсОО“Алга Трайс” ишканасынан 6 даана дөнгөлөк 112200сомго, ИП Маратов Темирландан 13 даана дөнгөлөк сатылып алынып алмаштырылды. Таштанды төгүүчү жайды дизинфекция жосоого СЭС менен 33600 сомго келишим түзүлдү. Кызыл-Суу айлынын Байкабылова көчөчүнө 7 рейс, Лесхозный көчөсүнө 2 рейс жана Лев Толстой, Весенний, Элебаева көчөлөрүн кенейтүүдөн чыккан тал терактердин дүмүрлөрү таштандылары чыгарылды.Тазалык ишканасынын техникалары жана Жети-Өгүз районунун ишканаларынын техникалары менен биргеликте Чон Кызыл-Суу айылынан өйдө капчыгайга чейинки жолуна шагыл төгүлүп, түздөө иштери жүргүзүлдү.Жолдорду кенейтуу максатында Элебаева көчөсүнөн 14 рейс, Алматинская көчөсүнөн 9 рейс,1- май көчөсүнөн 9 рейс,1- май көчөсүнөн 11- рейс жана Комсомольский көчөсүнөн 6 рейс таштанды чыгарылды.Кызыл-Суу айылынын Прокуратура мекемеси бузулгандыгына байланыштуу ардун тазалоо иштеринен 4 рейс таштанды чыгарылды, жана котлаван казылып 36 рейс топурак чыгарылды. Жети-Өгүз районунун айыл аймактарында таштандылар өз убагында алынууда. Жаны салынган Архивтин ачылышын карата таштандылары чыгарылып алды түртүлүп түздөлдү.Кызыл-Суу айылынын Красновосточная көчөсүндө часовой механизими алмаштырылып, жарык берилди. Саруу айлынын Алдашов көчөсүндө түнкү жарыктары ремонттолду.”Кызыл-Суу Тазалык” ишканасынын техникалары менен, дыйкандар куйүүчү майларын камсыздап, чарбалык жолдорго кум шагыл төгүлүп түздөө иштери жүргүзүлдү. Чон-Кызыл-Суу суусунун денгээли көтөрүлүп, Кызыл-Суу суу канал ишканасы менен биргеликте Саруу айылындагы фермадан чыккан бетондорду жүктөп, Чон-Кызыл-Суу суусунун жээгине төгүп бекемдөө иштери жүргүзүлдү. Кызыл-Суу айылындагы РЭС тин мандайында Чон-Кызыл-Суу суусунун жээгинде суу жээгин бекемдөө максатында курулуш таштандылар буга чейин төгүлүп келген, аталган жерди түздөө иштери жүргүзүлүп мындан ары курулуш таштандыларын төккөнгө тыюу салынып, видео көзөмөл байкоочу камералар орнотулду. Жети –Өгүз райондук ветеринария башкармалыгы талап кылган каттын негизинде Беккари чункурун көмүү иштери жүргүзүлдү. Жалгыз –Өрүк айлынын Султан Сулайманов көчөсүнө кум, шагыл төгүлүп, түртүп түздөө иштери жүргүзүлдү. Жалгыз – Өрүк айлынын Абдраева көчөсүнүн жолун кенейтүү, столбаларын алмаштыруу иштери жүргүзүлдү. Жалгыз – Өрүк айлынын Рысмендеев мектебинин газон аянтчасынын электр жарыктарын алмаштыруу иштери жүргүзүлдү. Саруу айлынын Ж Чабалдаев мектебинин айланасындагы тал, терактердин дүмүрлөрүн тазалоо иштери жүргүзүлүп, жана “Бадан Групп” ишканасынан 12 камаз оптималка кум төгүп, грейдер менен түртүп түздөө иштери жүргүзүлдү. Шиш коргон участогунан таштанды полигонуна бөлүп берилген 5 гектар жерди коруу иштерине материалдар түшүрүлүп, жумушчулар алынып, тегерегин коруу иштери башталды. Кызыл-Суу айлынын Э.Гапаров атындагы мектебинин алдына И Чикаева көчөсүнө жөө окуучулар өтүүчү зебра чийилип, жол белгилер орнотулду.Жалгыз – Өрүк айлынын “Бакыт” бала бакчасынын трансформатор зымдарын жерге казып көмүү иштери жүргүзүлдү.Молдокматов көчөсүндөгү 632ТПнын часовой механизими алмаштырылып, Аттокуров көчөсүндөгү 611ТП, Соно ажы көчөсүндөгү 661,274,226,680ТПнын сааттык механизими саат 19:30 дан 23:30 чейин койуу иштери жүргүзүлдү. Кызыл-Суу айлынан Кичи – Кызыл – Сууга кетчү Кыркын сарайга чейинки жолду грейдер менен сүрдүрүү,түздөө иштери жүргүзүлдү.

Тазалык ишканасы 3-кварталда **52324,6 м3** таштанды чыгарды.

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн алдында уюшулган «Кызыл-Суу МТС «Ак-Жол» » муниципалдык ишканасынын 2026-жылдын 9 айына карата аткарган иштери боюнча

«Кызыл-Суу МТС «Ак-Жол» муниципалдык ишканасы Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн аймагында, калкка айыл-чарба кызматын көрсөтүү боюнча жумуштарды, агрозооветсервис, агроөнөржай, Саруу, Кызыл-Суу жайыт боюнча тиешелүү жумуштарды алып барат.

Банктагы эсептик счеттогу жылдын башында калдык 01.01.2026ж 613828сом Кассада 34919сом

«Кызыл-Суу МТС Ак-Жол» муниципалдык ишканасынын өздүк эсебине айыл чарба техникаларынын кызматы үчүн баардыгы 9 айга карата 3212741 (үч миллион эки жүз он эки миң жети жүз кырк бир) сом акча каражаты жумуштарды аткаруудан келип түшкөн:

«Кызыл-Суу МТС Ак-Жол» муниципалдык ишканасынын короосуна келишимдин негизинде Мегаком тарабынан коюлган антеннанын орду жер ижара акысынан ишканага 168000 сом жана сырт өрөнүндөгү салынган үйдү келишимдин негизинде берилген курулуш фирмасынан 45000 сом өлчөмүндө акча каражаты ишканын банк эсебине түшкөн.

	АПК	
№	**Чыгымдардын аталышы**	**сумма**
1	Командировка (ГСМ)	5800
2	Ишембилик (жаңгактарды тазалоо)	18520
3	Алма бакты отургузу үчүн жерди айдоо, дискалоо, малалоого (дизельдин) чыгымы	135202
4	Алма бакты отургузу үчүн минералдык жер семирткич сатып алуу	200100
5	Алма бакты отургузу үчүн жумушчуларды ташуу (автобус бусик) ГСМ	22792
6	Сууга төлө Жети-Өгүз РСЧБ	73000
7	Чөп чабуу 15 га (чабуу, тырмо, пресс)	29 760
8	Планировка жолдорду сүрү, алма бакты доминаторло ГСМ	106 167
9	Банер жасатуу	2 060
10	Контейнердин ордун планировкалоо	2 800
11	Контейнер жүктө жеткизүү түшүрү акысы (кран, камаз)	47 000
12	Алма бак жана карагат ортосундагы ото чөптөрдү чабуу (ГСМ)	47200
13	Арыктарды чийүү (ГСМ)	13000
14	Чөп чабуу 15 га (чабуу, тырмо, пресс) ГСМ	26000
15	Алма бактын жалбырагына кошумча химиялык каражат чачуу	65300

16	Бүтпөй калган капелдик сугаруу иштери	34531
17	Суу бөлүштүрүүчү барабанды бекемдөө иштерине чарбалык буюмдарды алуу жана келишимдин негизинде эмгек акысы (58395+9000)	67395
	Баардыгы	**849427**
	Зооветсервиске чыгымдар	
№	**Чыгымдардын аталышы**	
1	УАЗ автомашинасын камсыздандыруу	4387
2	Сыртка пропуск жасатуу	9148
3	Топоздорго койлорго жем	280132
4	Топоздорго койлорго кочкор туз	17160
5	Топоздорго койлорго чөп,саман	484000
6	Топоздорго чөп жеткируу (3жолу)	90000
7	Топоздорго койлорго акыр (халот)	72780
8	Командировкалык чыгым	77600
9	Койлорго силос жеткирүү	10300
10	ФПС 15 га жерге кара беде, арпа үрөнүн сатып алуу	255600
11	Сууга төлө Жети-Өгүз РСЧБ	17000
12	Ветеринардык дары сатып алуу койлорго вакцинация	38200
13	Суугатчыга төлө ФПС 15га	116130
14	Топозчуга ат сатып алуу жана сыртка жеткирүү	175000
15	Вакцина кой	14400
16	Кой баккан чабанды сыртка көчүрү	5651
17	Арпа чабуу, тырмоо, саманды пресстөө ГСМ	34036
18	Арпа саманды кой сарайга жана сырт өрөнүндөгү топоз чарбага ташуу	198000
19	АПКдан чөптү кой сарайга жана сырт өрөнүндөгү топоз чарбага ташуу	122000
20	Кой баккан чабанды сырттан кой сарайга көчүрүп келүү	7000
21	Топозчуга чарбалык буюмдарды сатып берүү	6700
	Баардыгы	**2035224**
№	**Саруу Кызыл-Суу жайыт чыгымдардын аталышы**	
1	УАЗ автомашинасын камсыздандыруу	4387
2	УАЗ автомашинасын техникалык кароодон өткөзүү	950
3	Жайыттарды кыдыруу малчылар менен келишим түзү, көзөмөлдөө ГСМ	98100
4	2023-2024 жылы карызга алынган автотетиктердин карызын төлө	287090

5	Командировкалык чыгым	16100
6	Жылдык план	5500
7	Сырт өрөнүндөгү малчылар менен келишим түзү үчүн кыдыруу ГСМ	13200
8	Суу жеп кеткен жолдорду тазалоо ГСМ	44500
9	2024жылдагы салык (подоход, соц фонд) карыздары	167630
	Баардыгы	**637457**
	МТС " Ак-Жол" ишканасына кеткен чыгымдар	
№	**Чыгымдардын аталышы**	
1	Жумушчуларга айлык маяна чегеруу	4141521
2	Подоходный налог	467551
3	Соц фонд	94773
3	Муниципалдык техникаларды жазгы күзгү иштерге даярдоо	868845
4	Иттерди атууга кеткен ГСМ	25687
5	Иттерди атууга кеткен айлык акысы	32822
6	Иттерди атууга ок сатып алуу	90000
7	Интернет (Кыргыз телеком)	18008
8	Нива кызматтык автомашинасын Техникалык кароо	850
9	Нива кызматтык автомашинасын камсыздандыруу	2742
10	Нива кызматтык автоунаасына автотетиктерин сатып алуу	48650
11	Донголок сатып алуу МТЗ тракторго (4дана)	98000
12	Комбайнга 2 дана дөңгөлөк сатып алуу	100000
13	Нива кызматтык авто унаасына ГСМ	25700
14	Электр энергиясына	25773
15	ККМ онлайн аппараттын сатып алуу	1650
16	Каролчуга больничный лист төлө	7500
17	Принтерди ондоо жана картридж заправкалоо	3670
18	Ишканага чарбалык буюмдарды алуу	70465
19	Бетон кольцо сатып алуу (ажаткана)	17000
20	Песко блок сатып алуу (заборго жана көмүркана ажаткана)	156692
21	Курулушчуга келишимидин негизинде эмгек акысы	165000
22	Курулуш материалдарын алуу	153056
23	Видео камера коюу	42500
24	Б/у темир сатып алуу	16730

25	МТС " Ак-Жол" ишканасынын территориясын тазалоо	15 430
26	Трактордун апаратын жасату	30000
27	Кеңсе буюмдары	18049
28	МАК-2026ж иш чарасын өткөрүү (ураган, бензочөпчапкыч, гсм)	69570
29	Салык кызматына отчет тапшыруу үчүн энотокен сатып алуу жана мөнөтүн узартуу	4850
	Баардыгы	**6813084**
	Жалпы баардыгы	**10335192**

«КЫЗЫЛ-СУУ СУУ КАНАЛ» МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАСЫНЫН 2026-ЖЫЛДЫН 9 айында АТКАРЫЛГАН ИШТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

М а а л ы м а т

2026-жылдын **9 айында** «Кызыл-Суу Суу Канал» муниципалдык ишканасы тарабынан Кызыл-Суу айылынын тургундарын таза ичүүчү суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, суу менен камсыздоо системаларын талаптагыдай абалда кармоо, авариялык абалдарды өз убагында жоюу, эскилиги жеткен суу түтүктөрүн оңдоо жана алмаштыруу, жаңы абоненттерди суу тармагына кошуу, суу эсептегичтерди орнотуу, ошондой эле айыл аймагындагы ирригациялык арыктарды калыбына келтирүү багытында бир катар иштер аткарылды. Жалпысынан 2022,86 куб.метр суу берилди.

Ишканага келип түшкөн акча каражаттары жөнүндө

2026-жылдын **9 айында** ишкананын ишмердүүлүгүн камсыз кылуу жана белгиленген иштерди аткаруу максатында төмөнкү булактардан акча каражаттары келип түштү

№	Акча каражатынын булагы	Суммасы
1	Кызыл-Суу айыл өкмөтүнөн коммуналдык чарба (ЖКХ) багыты боюнча	**17 384 902 сом**
2	Калктан ичүүчү таза суу үчүн төлөмдөр	**4 863 774 сом**
3	Кызыл-Суу айыл өкмөтүнөн субсидия	**6 000 000 сом**
4	Суу түтүгүнө врезка жасоо үчүн төлөмдөр	**5 456 146 сом**
5	Мекеме жана уюмдардан келип түшкөн каражаттар	**1 427 344 сом**
	Жалпысы:	**35 132 166 сом**

2026-жылдын ишкананын эсебине жалпы **35 132 166 (отуз беш миллион жүз отуз эки миң жүз алтымыш алты) сом** акча каражаты келип түшкөн.
Келип түшкөн каражаттар ишкананын негизги ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө, анын ичинде калкты таза ичүүчү суу менен камсыз кылууга, суу түтүктөрүн оңдоого жана алмаштырууга, авариялык кырдаалдарды жоюуга, абоненттерди суу тармагына кошууга, суу эсептегичтерди орнотууга, ирригациялык арыктарды калыбына келтирүүгө жана тазалоого, ошондой эле атайын техникаларды пайдаланууга жана башка өндүрүштүк зарыл иштерди аткарууга багытталды.

2026-ЖЫЛДЫН I КВАРТАЛЫ *(январь–февраль–март айлары)*

2026-жылдын I кварталында «Кызыл-Суу Суу Канал» муниципалдык ишканасы тарабынан таза суу долбоорунун алкагында жана ишкананын күнүмдүк өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн негизинде бир катар иштер аткарылды.

Олимпийский жана Питомник конуштарында суу өлчөгүчтөрдү орнотуу иштери жүргүзүлүп, жалпы **725 даана суу өлчөгүч** пайдаланууга берилди.

Мындан тышкары, эски суу түтүктөрүндөгү авариялык абалдарды жоюу, жарылган жана бузулган тилкелерди оңдоо жана алмаштыруу боюнча иштер жүргүзүлдү.

Атап айтканда:

- Намазбеков, Тынаева жана Фруктовая көчөлөрүндө чоюн түтүктөр жайгашкан тилкелерде;
- Байгожоева көчөсүндөгү №9 үйдүн жанында;
- Намазбекова–Лев Толстой көчөлөрүндө Ø100 мм чоюн түтүгүндө жумуштар;
- Акунова–Бербаева көчөлөрүндө, люктун задвижкалары коюлду;
- Сатылганов–Намазбекова көчөлөрүндө Ø150 мм чоюн түтүгүндө;
- Ленина–Тынаева көчөлөрүндө Ø100 мм чоюн түтүгүндө;
- К.Диканбаев көчөсүндөгү №6 үйдүн жанында Ø150 мм ПВХ түтүгүндө;
- МСО конушунда Ø63 мм ПВХ түтүгүндө;
- Молодежный конушунда Ø75 мм ПВХ түтүгүндө оңдоо жана алмаштыруу иштери аткарылды.

Аталган иштерди аткарууга муниципалдык ишкананын ремонттук бригадасы тартылып, ошондой эле **Hyundai 940 жана Hyundai 140** үлгүсүндөгү атайын техникалар пайдаланылды.

Авариялык абалдарды өз убагында жоюу аркылуу суу менен камсыздоо системасынын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылууга жана калкка көрсөтүлүүчү кызматтын сапатын жакшыртууга багытталган иштер улантылды.

2026-ЖЫЛДЫН II КВАРТАЛЫ *(апрель–май–июнь айлары)*

2026-жылдын II кварталында Кызыл-Суу айылын таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча иштер активдүү улантылып, суу түтүктөрүн орнотуу, абоненттерди суу тармагына кошуу, авариялык тилкелерди калыбына келтирүү жана айыл аймагындагы инфраструктураны жакшыртуу багытында кеңири иштер жүргүзүлдү.

Манас, Конкина, Гагарин жана Тынаева көчөлөрүндө курулуш-монтаж иштери жүргүзүлүп, кошумча темир-бетон кудуктар орнотулду. Суу бөлүштүрүүчү темир түтүктөрдү жайгаштыруу, ширетүү жана монтаждоо иштери аткарылды.

Ошондой эле Зеленое, Байгожоева, Байгабылова, Конкина, Ибраева жана Саламатина көчөлөрүндө абоненттик түтүктөрдү (шлангдарды) орнотуу иштери жүргүзүлүп, жалпы **445 даана түтүк** орнотулду.

Абоненттердин ички суу түтүктөрүн орнотуу жана аларды таза суу системасына туташтыруу иштери жүргүзүлдү. Мындан тышкары, калк арасында суу менен камсыздоо системасын пайдалануу боюнча түшүндүрүү жана маалымат берүү иштери жүргүзүлдү.

Аталган иштерди аткарууда **Hyundai 140 жана Hyundai 210** үлгүсүндөгү экскаваторлор пайдаланылды.

2026-ЖЫЛДЫН Ш КВАРТАЛЫ (июль,август,сентябрь)

Мындан тышкары, Кызыл-Суу айылынын Юматова, Лев Толстой, Байгожоева, Байгабылова жана Весенняя көчөлөрүндө жолдорду кеңейтүү жана аймактарды иретке келтирүү боюнча иштер жүргүзүлдү.

Иштин жүрүшүндө көчө боюндагы тал-теректер кыркылып, жол кыймылына жана жөө жүргүнчүлөргө тоскоол болгон аймактар тазаланды. Натыйжада жалпы **3,5 км көчө** кеңейтилип жана тазаланды.

Ирригациялык арыктарды калыбына келтирүү

Айылдын ички ирригациялык арыктарын калыбына келтирүү боюнча да тиешелүү иштер аткарылды.

Таза суу долбоорунун жүрүшүндө көмүлүп калган жана тазаланбай калган арыктар кайрадан казылып, тазаланды. Натыйжада айыл боюнча жалпы **6–7 км ирригациялык арык** казылып, тазалоо иштери жүргүзүлдү.

Мындан тышкары, Кызыл-Суу айылынын тургундарынын кайрылууларынын негизинде бузулган жана көмүлүп калган ирригациялык арыктарды калыбына келтирүү иштери жүргүзүлүп, суу өткөрүүчү түтүктөрдү орнотуу боюнча иштер аткарылды.

Суу түтүктөрүн жана абоненттик тармактарды орнотуу

Строительный көчөсүндө жайгашкан эки кабаттуу турак үйлөрдү суу менен камсыз кылуу максатында траншеялар казылып, **Ф63 ПВХ түтүктөрү** орнотулуп, кайра көмүлдү.
Жалпы **110 метр траншея** казылып, **130 метр ПВХ түтүк** орнотулду.
Ошондой эле бир катар көчөлөрдө жана кварталдарда суу түтүктөрүн орнотуу, кудуктарды жабдуу жана абоненттерди таза суу менен камсыз кылуу боюнча иштер жүргүзүлдү.
Кудуктардын ичине тиешелүү жабдуулар орнотулуп, айрым кварталдарга таза суу бериле баштады.
Бербаева, Курская, Комсомольская, Озерная, Тынаева, Каралаева, Байгабылова жана Манас көчөлөрүндө абоненттик шлангдарды орнотуу иштери жүргүзүлүп, жалпы **250 түтүккө** абоненттик шланг киргизилип берилди.
Ошондой эле суу эсептегичтерди орнотуу иштери жүргүзүлүп, айылдын **80 пайызга жакын абоненти** таза суу менен камсыздалды.

Молодежный конушунда аткарылган иштер

Молодежный конушунда суу менен камсыздоочу сайдын үстүнөн өткөн **Ø75 мм ПВХ түтүктүн** суу көбөйгөн учурда жууп кетишинен улам бузулган **25 метрлик бөлүгү** толугу менен алмаштырылып, кошумча бекемдөө иштери жүргүзүлдү.
Абоненттик түтүктөрдү орнотуу жана траншея казуу иштеринин жүрүшүндө **Hyundai 140 жана Hyundai 940** үлгүсүндөгү атайын техникалар пайдаланылды.
Жалпы **5700 метр траншея** казылып, тиешелүү түтүктөр орнотулду.

Асбест түтүктөрүн орнотуу жана ирригациялык тармактарды калыбына келтирүү

Кызыл-Суу айылынын аймагында ирригациялык жана суу өткөрүүчү тармактарды калыбына келтирүү максатында эскилиги жеткен жана бузулган түтүктөрдү алмаштыруу иштери жүргүзүлдү.

Жалпысынан Кызыл-Суу айылы боюнча **3600 метр арык казылып, 14 даана Ø700 мм асбест түтүк** орнотулду.
Мындан тышкары, айыл аймагы боюнча **60 даана Ø500 мм жана 14 даана Ø700 мм асбест түтүк** орнотулду.
Аталган иштер айылдагы суу өткөрүүчү жана ирригациялык тармактардын өткөрүмдүүлүгүн жакшыртууга, арыктар аркылуу суунун үзгүлтүксүз өтүшүн камсыз кылууга жана бузулган тилкелерди калыбына келтирүүгө багытталды.

КЕЛИП ТҮШКӨН КАРАЖАТТАРДЫН ИШКАНАНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ БАГЫТТАЛЫШЫ

2026-жылдын 9 айында келип түшкөн акча каражаттары ишкананын негизги милдеттерин аткарууга жана калкка сапаттуу коммуналдык кызмат көрсөтүүнү камсыз кылууга багытталды.

Атап айтканда, каражаттардын эсебинен:

- таза ичүүчү суу менен камсыздоо системаларын үзгүлтүксүз иштетүү;
- авариялык суу түтүктөрүн оңдоо жана алмаштыруу;
- абоненттерди суу тармагына кошуу;
- абоненттик түтүктөрдү жана шлангдарды орнотуу;
- суу эсептегичтерди орнотуу;

- траншеяларды казуу жана кайра көмүү;
- ирригациялык арыктарды казуу жана тазалоо;
- бузулган ирригациялык түтүктөрдү алмаштыруу;
- жолдорду кеңейтүү жана жол жээгиндеги аймактарды иретке келтирүү;
- атайын техникаларды пайдалануу жана өндүрүштүк иштерди жүргүзүү боюнча чыгымдар камсыздалат.

Мындан тышкары, ишкананын кызматкерлеринин күчү жана атайын техникалардын жардамы менен авариялык кырдаалдарды тез арада жоюу жана калктын кайрылуулары боюнча жеринде тиешелүү иштерди жүргүзүү камсыздалды.

2026-жылдын 9 айында «Кызыл-Суу Суу Канал» муниципалдык ишканасы тарабынан калкты таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана суу менен камсыздоо системасынын туруктуу иштешин камсыз кылуу багытында олуттуу көлөмдөгү иштер аткарылды.

Отчеттук мезгил ичинде **2414 даана суу эсептегич орнотулуп**, **3911 даана абоненттик түтүк орнотулду**, **2000 ге жакын абонент таза суу менен камсыздалды**, ошондой эле айыл боюнча суу түтүктөрүн оңдоо жана алмаштыруу, жаңы тармактарды куруу жана абоненттерди суу системасына кошуу иштери жүргүзүлдү.

Мындан тышкары, жалпы **3,5 км көчө кеңейтилип жана тазаланып**, **6–7 км ирригациялык арык казылып жана тазаланды**. Ошондой эле **3600 метр арык казылып**, суу өткөрүүчү түтүктөр орнотулду.

Иштерди аткарууда **Hyundai 140, Hyundai 210 жана Hyundai 940** үлгүлөрүндөгү атайын техникалар жана ишкананын кызматкерлери активдүү тартылды.

Аткарылган иштердин негизги максаты — Кызыл-Суу айылынын тургундарын сапаттуу жана үзгүлтүксүз таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу, суу түтүктөрүнүн авариялык абалдарын азайтуу, суу менен камсыздоо тармагын жакшыртуу жана айылдын инфраструктуралык абалын көтөрүү болуп саналат.

Ишкана тарабынан алдыда да калктын кайрылууларын өз убагында кароо, авариялык абалдарды тез арада жоюу, эскилиги жеткен суу түтүктөрүн этап-этабы менен жаңылоо, жаңы абоненттерди суу тармагына кошуу жана таза суу менен камсыздоонун сапатын жогорулатуу боюнча иштер улантылат.